«Сагынамын»

Сөзү: Мырзаев Чыңгыз

Обону: Жолдошова Нурзада Пайызбековна

Жандаган жарым сен болуп

Жашоомо бакыт куш конуп

Жанашып биз бир жарашып

Жубайың болсом ак жоолук

Көрбөсөм көз ирмем сени

Көнүлүм сагынычка толуп

Адашып атыңды айтсам

Күтөмүн келет деп жоруп

Кайырма:

Сагынамын жаным сагынамын

Көздөрүңдү жаным сагынамын

Тагдырымдын берген белеги сен

Жашоонун шербет балы дагы

Кадырлап мага дем болуп

Кызганып башкадан коруп

Өзүңдөй эч ким сүйө албай

Кучагым күндөгү толуп

Бак берген бул өмүрүмдө

Маңдайга жазган жанымсың

Берекенин баары өзүңдө

Мөмөлүү сүйүү багымсың